# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек ш.

№38

**“Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан баланы (кызды) асырап алуу, камкорчулук жана көзөмөлчүлүк белгилөө, баланы интернаттык мекемеге жайгаштыруу жөнүндө мыйзамдарды колдонуу тууралуу” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2016-жылдын 16-декабрындагы № 12 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

“Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан баланы (кызды) асырап алуу, камкорчулук жана көзөмөлчүлүк белгилөө, баланы интернаттык мекемеге жайгаштыруу жөнүндө мыйзамдарды колдонуу тууралуу” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2016-жылдын 16-декабрындагы №12-токтомун колдонуудагы мыйзамдарга ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгүн, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму,

**т о к т о м к ы л а т:**

**1.** “Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан баланы (кызды) асырап алуу, камкорчулук жана көзөмөлчүлүк белгилөө, баланы интернаттык мекемеге жайгаштыруу жөнүндө мыйзамдарды колдонуу тууралуу” Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2016-жылдын 16-декабрындагы №12-токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) токтомдун преамбуласынын биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине ылайык үй-бүлө - коомдун негизи. Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене-бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу, аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялоочу шарттарды түзөт.

2) Преамбуланын бешинчи абзацындагы “Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренеси” деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгү” жана “конституциялык Мыйзамынын 18-беренеси” деген сөздөргө алмаштырылсын.

3) токтомдун 1-пунктунун бешинчи абзацындагы “(КР ЖПКнын 271-беренесинин 3-бөлүгү)” деген сөздөр “(КР ЖПК 263-беренесинин 3-бөлүгү)” деген сөздөргө алмаштырылсын.

4) токтомдун 2-пункту боюнча:

- экинчи абзацтагы “12” деген сан “13” деген санга алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

- үчүнчү абзацтагы “160” деген сан “184” деген санга алмаштырылсын.

5) токтомдун 3-пунктундагы “132-берене” деген сөздөр “270-берене” деген сөздөргө алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

6) токтомдун 4-пунктунун бешинчи абзацындагы “136-берененин 5-пункту” деген сөздөр “138-берененин 1-бөлүгүнүн 4-пункту” деген сөздөргө алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

7) токтомдун 5-пунктунун биринчи абзацындагы “Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси” деген сөздөрдөн кийин “КР ЖПКнын 271-беренеси” деген сөздөр менен толукталсын жана мындан ары текст боюнча;

8) токтомдун 10-пунктунун үчүнчү абзацындагы “2005-жылдын 12-апрелиндеги №60 “Жарандык абалдын актылары жөнүндө” КР Мыйзамынын 19-беренесинин 3-бөлүгү” деген сөздөр “2020-жылдын 1-августундагы №110 “Жарандык абалдын актылары жөнүндө” КР Мыйзамынын 18-беренеси” деген сөздөргө алмаштырылсын.

9) токтомдун 16-пунктунун төртүнчү абзацындагы “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 4-ноябрындагы № 699 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыккан Кыргыз Республикасынын жарандарын консулдук эсепке алууну жана каттоо эсебинен чыгарууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жобо” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-октябрындагы №733-токтому менен бекитилген “Балдарды Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга асырап алууга берүү тартиби жөнүндө” Жобо” деген сөздөргө алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

10) токтомдун 16-пунктунун он үчүнчү абзацындагы “КР ЖПКнын 75-беренесинин 4-бөлүгү жана 379-беренеси” деген сөздөр “КР ЖПКнын 80-беренесинин 4-бөлүгү жана 392-беренеси” деген сөздөргө алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

11) 18-пункттагы “125-берененин 2-бөлүгү” деген сөздөр “125-берененин 2 жана 2-1-пункттары” деген сөздөргө алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

12) 19-пункттагы “41, 46-беренелер” деген сөздөр “34-берене” деген сөздөргө, “80-пункт” деген сөздөр “78-пункт” деген сөздөргө алмаштырылсын жана мындан ары текст боюнча;

13) токтомдун 19-пунктунун төртүнчү абзацындагы “(Жарандык абалдын актылары жөнүндө” КР Мыйзамынын 22-беренеси” деген сөздөр “Жарандык абалдын актыларын каттоо тартиби жөнүндө Нускаманын 12-пункту)” деген сөздөргө алмаштырылсын.

14) токтомдун 19-пунктунун он үчүнчү абзацындагы “2008-жылдын 12-июнундагы №16” деген сөздөр “2018-жылдын 28-февралындагы №4” деген сөздөргө алмаштырылсын.

15) токтомдун 35-пунктундагы “аккредитация жөнүндө сертификат (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 23-мартындагы № 140 токтому менен бекитилген “Турмуштук оор кырдаалда турган балдарга кызмат көрсөткөн субъектилерди аккредитациялоо жөнүндө” Жобо)” деген сөздөр “аккредитация жөнүндө күбөлүк (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 1-ноябрындагы №516 токтомуна “Балдарды багуу боюнча интернат тибиндеги балдар мекемелерин менчигинин формасына карабастан аккредитациялоо жөнүндө” Жобо)” деген сөздөргө алмаштырылсын.

16) токтомдун 36-пунктунун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- “Баланы интернаттык мекемеге жайгаштыруу жөнүндө иш сот тарабынан иш өндүрүшкө кабыл алынган күндөн тартып отуз күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын

Граждандык процессуалдык кодексинин 48-беренесинде каралган тартипте, балдарды коргоо органынын өкүлүнүн жана прокурордун милдеттүү катышуусу менен каралат. Сот ишке баланын ата-энесин (ата-энесинин бирин), башка мыйзамдуу өкүлдөрүн, туугандарын жана башка кызыкдар адамдарды, ошондой эле он жашка толгон баланы тартат”.

17) Токтомдун 37-пунктунун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- “Ата-энесиз калган балдарды, ошондой эле ата-энелик укуктарынан ажыратылган же чектелген, дайынсыз жоголгон, аракетке жөндөмсүз (чектелген жөндөмдүү) деп табылган же эркинен ажыратуу түрүндөгү жаза өтөп жаткан ата-энелердин балдарын алты айга чейинки мөөнөткө интернаттык мекемелерге менчигинин формасына карабастан убактылуу жайгаштыруу психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиянын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын корутундуларынын негизинде жүргүзүлөт”.

18) токтомдун 38-пунктунун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- “Баланы интернаттык мекемеге жайгаштыруу жөнүндө чечимди кайра кароо тууралуу арыз менен баланын үй-бүлөсү жашаган аймактагы балдарды коргоо органы, интернаттык мекеме ведомстволук баш ийүүсүндө турган тиешелүү ыйгарым укуктуу орган, ошондой эле баланын мыйзамдуу өкүлдөрү сотко кайрылууга укуктуу.

Баланын интернаттык мекемеде негиздүү түрдө болуусун кайра кароо тууралуу арыз баланы көрсөтүлгөн мекемеге жайгаштыруу жөнүндө чечим чыгарган райондук сот тарабынан, балдарды коргоо органынын өкүлүнүн, баланын жайгаштырылган интернаттык мекеменин өкүлүнүн жана прокурордун милдеттүү катышуусу менен каралат”;

19) токтомдун 39-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

- “Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 141-беренесинин 1-бөлүгүнүн 10, 11-пункттарына ылайык камкорчулук (көзөмөлчүлүк) белгилөө жана баланы (кызды) асырап алуу иштери боюнча, ошондой эле ата-энесиз калган жана ата-энелик камкордуктан ажыратылган балдарды интернаттык мекемелерге жайгаштыруу жөнүндө иштер боюнча арыз берүүчүлөр мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулат”.

20) Токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентинде белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ**

2016-жылдын 16-декабры Бишкек шаары

№ 12

**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү соттор тарабынан баланы асырап алуу, баланын үстүнөн камкорчулукту (көзөмөлчүлүктү) белгилөө, балдарды жатак мекемелерге аныктоо жөнүндө мыйзамдардын колдонулушу жөнүндө**

*(КР ЖС Пленумунун 2025-жылдын 25-декабрындагы №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине ылайык үй-бүлө - коомдун негизи. Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене-бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу, аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялоочу шарттарды түзөт.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Үй-бүлө мыйзамы баланын укуктарын жана кызыкчылыктарын мамлекет, коом, үй-бүлө тарабынан корголушуна кепилдик берет, баланын үй-бүлө менен айрылышуусуна жол бербейт жана баланын үй-бүлөдө болуу укугун камсыздайт, жетим балдарды жана ата-эненин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды багууну, тарбиялоону, окутууну камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар тарабынан бала асырап алуу Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексине, 1989-жылдын 20-ноябрында БУУнун генералдык Ассамблеясынын 44-сессиясында кабыл алынган БУУнун баланын укуктары жөнүндө конвенциясына (1994-жылдын 12-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган), 1993-жылдын 29-майынын Балдарды коргоо жана эл аралык бала асырап алууда (бала багып алууда) кызматташтык жөнүндө Гаага конвенциясына (2012-жылдын 10-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган), 1993-жылдын 22-январынын Жарандык, үй-бүлөлүк жана кылмыш-жаза иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө Минск конвенциясына, 2002-жылдын 7-октябрынын Жарандык, үй-бүлөлүк жана кылмыш-жаза иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер жөнүндө Кишинев Конвенциясына, ошондой эле 2015-жылдын 27-октябрынын № 733 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген "Балдарды Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга асырап алууга берүү тартиби жөнүндө" жобого ылайык жүргүзүлөт.

Баланы асырап алуу, камкорчулукту (көзөмөлчүлүктү) белгилөө, жетим балдарды жана ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды жатак мекемеге жайлаштыруу боюнча сот тажрыйбасындагы материалдарды талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленуму бул категориядагы иштерди республиканын соттору негизинен Балдар жөнүндөгү мыйзамды туура сактоо менен карап жаткандарын белгилейт. Ошону менен бирге, айрым кемчиликтер да бар.

Баланы асырап алуу, камкорчулукту (көзөмөлчүлүктү) белгилөө, жетим балдарды жана ата-эненин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды жатак мекемеге жайлаштыруу маселелерин жөнгө салган мыйзамды туура жана бирдей колдонуу максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 98-беренесинин 3-бөлүгү жана “Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесин жетекчиликке алып, Пленум

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Баланы асырап алуу жөнүндө иштер асырап алынуучу баланын жашаган же турган жериндеги райондук соттордун караштуулугуна кирет.

КРнын Граждандык кодексинин 55-бер. ылайык граждан туруктуу же көпчүлүк убакта жашаган жер граждан жашаган жер деп таанылат. 14 жашка чейинки жашы жетпегендердин же камкорчулукту көрүү астындагы граждандардын жашаган жери деп алардын ата-энелеринин, асырап алгандардын же камкорчулук көрүүчүлөрдүн жашаган жери таанылат.

Эгерде асырап алынуучу бала атайын балдар үчүн мекемесинде жашаса, анда асырап алуу жөнүндөгү арыз бул мекеменин жайгашкан жериндеги сотко берилет.

Баланы асырап алуу жөнүндөгү иш асырап алууну каалаган адамдардын (жеке адамдын) арызы боюнча өндүрүшкө кабыл алынган күндөн тартып 30 күнгө чейинки мөөнөттө өзгөчө өндүрүштүк тартипте каралат.

Эгерде асырап алуу жөнүндө арыз сотто өзгөчө иш жүргүзүү тартибинде каралган учурда, сотко караштуу укук боюнча талаш-тартыш бар экендиги аныкталса, анда арыз берүүчүгө жана таламдаш башка жактарга алардын талаш-тартыш маселесин сотто доо боюнча иш жүргүзүү тартибинде чечип алуу укугу түшүндүрүлүүгө тийиш экендигине соттордун көңүлү бурулуусу зарыл (КР ЖПК 263-беренесинин 3-бөлүгү).

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

2. Мыйзам тарабынан корголгон асырап алуунун сырын камсыздоо максатында (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 60-бер.) сот асырап алуучуларга (асырап алуучуга) ишти кароо жана чечимди жарыялоо жабык сот отурумунда өтүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө түшүндүрөт.

Асырап алуучулардын (асырап алуучунун) тийиштүү суранычы болгон учурда сот тарабынан ишти соттук териштирүүгө даярдоо стадиясында ишти жабык сот отурумунда кароо жөнүндө маселени КРнын ЖПКнын 13-бер. талаптарын сактоо менен жүйөлөштүрүлгөн аныктаманы чыгаруу менен чечилет.

Ишке катышкан жактар, алар асырап алуу жөнүндө белгилүү болгон маалыматтардын сырын сактоо зарылдыгы тууралуу эскертилиши тийиш, ошондой эле асырап алуучунун эркине каршы, баланы асырап алуу сырын тараткандыгы үчүн (КРнын Жазык-процесстик кодексинин 184-бер.) кылмыш жоопкерчилигине тартылуу мүмкүндүгү жөнүндө соттук отурумдун протоколунда чагылдырылышы керек. Жактын эскертилгендиги тууралуу өзүнчө баракта кол кат алышат.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Асырап алуучунун өтүнүчү боюнча сот асырап алынуучу баланын ата-энесине асырап алуучунун ким экендиги жөнүндө сырды камсыздайт, ал үчүн баланын ата-энесинин көрсөтмөлөрү өзүнчө сот отурумунда угулушу мүмкүн.

КРнын Балдар жөнүндө кодексинде асырап алынуучу бала үчүн аны асырап алынгандыгы тууралуу маалымат сыр сактабаган учурлар көрсөтүлгөн: баланы асырап алып жаткан учурда ал өзүнүн ата-энесин билип жана аларды эстесе, ошондой эле асырап алып жатканда бала 10 жаш курак болгон учурда (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 53-бер.).

3. Сот асырап алуу жөнүндөгү арызды кабыл алууда анын формасы, мазмуну КРнын ЖПКнын 270-берене көрсөтүлгөн жалпы талаптарга жооп берилгенин, ошондой эле кошумча маалыматтар көрсөтүлгөнүн текшерет:

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

1) асырап алуучулардын (асырап алуучунун) фамилиясы, аты, атасынын аты, алардын жашаган жери;

2) асырап алынуучу баланын фамилиясы, аты, атасынын аты жана туулган жылы, жашаган жери (жайгашкан жери);

3) асырап алынуучу баланын ата-энеси, бир туугандары (эже-сиңдиси, ага-иниси) жөнүндө маалымат;

4) асырап алуучулардын (асырап алуучунун) асырап алуу жөнүндөгү өтүнүчүн негиздеген жагдайлар жана бул шарттарды тастыктоочу далилдер;

5) баланын туулгандыгы тууралуу актылык жазууга тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө асырап алуучулардын каалоосу болсо, асырап алынуучу баланын фамилиясын, атын, атасынын атын, 1 жашка чейинки баланы асырап алып жаткан учурда, анын туулган күнүн; туулган жерин өзгөртүү жөнүндөгү жана ата-энелери (ата-энеси) катары баланын туулгандыгы тууралуу актылык жазууга асырап алуучуларды (асырап алуучуну) жазуу жөнүндө арыз.

Арызга төмөнкү документтер тиркелиши зарыл:

1) асырап алуучу ата-энелердин (ата-эненин) туулгандыгы тууралуу күбөлүгү;

2) никеде турган жубайлар тарабынан бала асырап алып жаткан учурда ал адамдардын никелешүү жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсү;

3) жубайлардын бирөөсү баланы асырап алып жаткан учурда - жубайлардын экинчисинин макулдугу же жубайлар үй-бүлөлүк мамилесин токтоткондугу, 1 жылдан ашык убакыттан бери чогуу жашашпагандыгы жана жубайынын жашаган жери белгисиз болгондугу жөнүндө тастыктоочу документ;

4) баланы асырап алуучунун (алуучулардын) ден-соолугунун абалы жөнүндө жана анын (алардын) баланы асырап алууга, камкорчулукка (көзөмөлчүлүккө), бакма үй-бүлөгө алууга тоскоол болгон Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-октябрында № 733 токтому менен бекитилген "Адам ооруп калганда асырап алуучу, камкорчу (көзөмөлчү) жана багып алуучу ата-эне боло албай турган оорулардын" тизмегинде көрсөтүлгөн оорулардын жоктугу тууралуу медициналык мекеме тарабынан берилген медициналык корутунду;

5) баланы асырап алуучунун эмгек акысы тууралуу иштеген жеринен тактама же киреше жөнүндө декларациянын көчүрмөсү, же асырап алуучулардын (алуучунун) кирешелери жөнүндө башка тактама;

6) баланы асырап алуучулар жашаган турак-жайга менчик укугун же колдонуу укугун тастыктаган иш кагаздар.

4. Сот баланы асырап алуу жөнүндө иштерди кароодо сөзсүз түрдө асырап алуучулардын, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн өкүлүнүн жана прокурордун катышуусу менен каралаарына соттордун көңүлдөрү бурулуусу зарыл.

Бала асырап алуучу өкүлдү алууга укуктуу, өкүлдүн укуктары жана милдеттери КРнын Граждандык кодексинин жана ЖПКнин талаптарына ылайык белгилениши керек (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 47-бер. 3-п.).

Бул категориядагы иштер боюнча өкүлдөр ишеним кат берүүчүнүн жеке катышуусуз соттук териштирүү стадиясынан тышкары аракеттерди жасоого укуктуу, атап айтканда, соттук териштирүүгө даярдоодо тийиштүү далилдерди чогултуу жана келтирүүгө, соттун талабы боюнча кошумча далилдерди берүүгө, жазуу жана буюм далилдерди алдырууга көмөк көрсөтүү жөнүндө маселени коюууга ж.б. иш-аракеттерди жүргүзүүгө укуктуу.

Баланы асырап алуу жөнүндө арызда баланы асырап алуучунун өзүнүн колу коюлушу керек.

Эгерде ишеним каттын негизинде өкүлдүн колу коюлган арыз түшсө, анда арыз КРнын ЖПКнин 138-берененин 1-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык кайра кайтарылып берилет.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Ошону менен бирге, баланы асырап алууну ишеним кат боюнча жол-жоболоштурууга жол берилбестигине соттордун көңүлдөрү бурулууга тийиш. (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 47-бер. 5-п.).

Ишти соттук териштирүүгө даярдоодо сот баланын биологиялык ата-энелерин (ата-энени) же асырап алынуучу баланын башка мыйзамдуу өкүлдөрүн, ошондой эле 10 жашка чыккан баланын өзүн (баланын асырап - алууга макулдугу керек эмес учурлардан тышкары), баланын тууганларын жана башка кызыкдар адамдарды ишке катышуу үчүн тартууга укуктуу.

10 жашка толгон баланы сот отурумуна чакыруу жөнүндө маселени чечүүдө, сот КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 11-бер. ылайык, бала ар соттук териштирүүнүн жүрүшүндө анын кызыкчылыктарына тиешелүү болгон баардык маселелер боюнча угулууга укуктуу экендигин эске алыш керек. Эгерде баланын сот отурумуна катышуусу балага терс таасирин көрсөтө турган жагдайлар болоору тууралуу негиздер аныкталса, сот бул жөнүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн өкүлүнүн пикирин сурайт.

5. Баланы асырап алуу жөнүндө иштерди кароодо, сөзсүз түрдө асырап алынуучу баланын жашаган (жайгашкан) жери боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн арыз берүүчүнүн асырап алууга мүмкүнчүлүгү жөнүндө жана баланы асырап алууга берүү жөнүндө корутундуларынын болуусу керек экендигине соттордун көңүлдөрү бурулуусу зарыл (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 45-бер. 1-п.,

КР ЖПКнын 271-беренесин, 2015-жылдын 27-октябрынын № 733 КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген "Балдарды Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга асырап алууга берүү тартиптери жөнүндө" жобосунун 14, 18-пп.).

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Көрсөтүлгөн корутундулар арыз берүүчүлөрдүн (берүүчүнүн) сотко тапшырылуучу арызына тиркелиши керек.

Баланы асырап алууга берүү жөнүндөгү корутундуга төмөнкү иш-кагаздар тиркелет:

- баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү же баланын туулгандыгы тууралуу жарандык абалынын актылык жазуусу жөнүндө тактамасы;

- саламаттыкты сактоо мекемелеринин тийиштүү адистеринин кароосунун негизинде берилген асырап алынуучу баланын ден-соолугунун абалы жөнүндө медициналык корутундусу;

- балага тиешелүү мүлк жөнүндө, ал мүлктүн жайгашкан жерин көрсөтүү менен аны сактоо үчүн көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматтар, андан тышкары асырап алынуучу балага тиешелүү банктык эсептер жана башка мүлктөр жөнүндө маалыматтар;

- асырап алынуучу бала ата-эненин көзөмөлчүлүгүсүз калганын тастыктаган документтеринин көчүрмөсү: ички иштер органдары тарабынан түзүлгөн ташталган (табылган) бала жөнүндө актысы, же бала жайгашкан мекеме же нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн баланы асырап алууга макулдугун берүү жөнүндө арыз, ата-энелик укуктарынан ажыратуу, ата-энесин аракетке жөндөмсүз деп табуу, ата-энеси дайынсыз жок болду же өлгөн деп табуу жөнүндө соттун чечими, ата-энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүгү;

- тиешелүү жергиликтүү мамлекеттик администрациясы (шаардык мэрия) тарабынан чечим (токтом, тескеме) менен бекитилген баланы коргоо боюнча жеке план;

Жеке пландын долбоору балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү менен биргеликте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган ар бир балага жеке пландын долбоору иштетилип чыгарылат жана баланын жашаган (жайгашкан) жери боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациянын балдар иштери боюнча комиссиясына жөнөтүлөт. Ошону менен бирге, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү баланын жакын туугандарын издеп табуу жана аларды туугандарынын үй-бүлөсүнө жайгаштыруу боюнча чараларды көрүшү керек. Баланын биологиялык үй-бүлөсү менен кошулушу же туугандарынын үй-бүлөсүнө жайгаштыруусу боюнча бардык чаралар көрүлгөндөн кийин гана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү анкета толтуруп жана бала жөнүндө маалыматтарды ата-энелеринин көзөмөлсүз калган балдар жөнүндө мамлекеттик банкына киргизилет;

- тарбиялоо мекемелерде, калкты социалдык коргоо мекемелерде, дарылоо мекемелеринде жана ушуга окшогон башка мекемелерде турган балдарды асырап алуу үчүн ушул мекемелердин жетекчилеринин жазуу жүзүндөгү макулдугу (КРнын Балдар жөнүндөгү кодексинин 52-бер.);

- багуучу үй-бүлөлөрдө турган балдарды асырап алуу үчүн алардын жазуу түрүндө маакулдугу, камкорчунун (көзөмөлчүнүн) жазуу жүзүндөгү макулдугу (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 52-бер.).

Баланы асырап алуучу болууга мүмкүнчүлүгү жөнүндө корутундуга төмөнкү иш кагаздар тиркелет:

- асырап алуучу болууга мүмкүндүгү тууралуу корутунду берүү жөнүндө арыз;

- арыз ээсинин (ээлеринин) паспортунун көчүрмөсү;

- эгерде асырап алуучулар жубайлар болушса, никелешүү жөнүндө күбөлүк;

- жашаган жеринен жана үй-бүлөнүн курамы жөнүндө тактама;

- арыз ээсинин туруктуу киреше булагы бар экендигин ырастаган документ (иштеген жеринен кызмат орду жана эмгек акысы көрсөтүлгөн тактама, ишкердик иш-аракеттен киреше жөнүндө декларациянын көчүрмөсү, ишкердик иш-аракети жөнүндө патенттин көчүрмөсү, жер үлүшү, малы жана башка активдери менчигинде бар экендиги жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын тактамасы);

- турак жайга менчик укугун ырастаган документ же жашаган жеринен үй китебинен көчүрмө же болбосо турак жайдын ижара келишими;

- соттолбогондугу жөнүндө ички иштер органдарынын тактамасы;

- арыз ээсинин ден-соолугунун абалы жөнүндө, ошондой эле баңгилик (токсикалык), алкоголдук көз карандылыгы жана психикалык бузулуштардын жоктугу тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте түзүлгөн медициналык корутунду;

- иштеген жеринен же жашаган жеринен мүнөздөмө.

6. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн корутундусуна бардык тийиштүү иш кагаздар тиркелбеген учурда, ошондой эле корутунду бекитилген талаптарга жооп бербесе, сот аталган органдан асырап алынуучу балага тийиштүү корутунду жана иш кагаздарды талап кылып алууга тийиш.

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу аймактык бөлүмү аркылуу берилген документтерди сот тарабынан изилдөөдө документтердин компетенттүү органдар (жактар) тарабынан туура берилгендигин, кол коюлганын жана мөөр менен туура күбөлөндүрүлүшүн текшерет.

Муну менен бирге, корутунду жеке өз алдынча даттанылбайт, анткени ал сотто башка иш-кагаздар жана далилдер менен чогуу текшерилүүгө жатат жана сот тарабынан иш боюнча башка далилдер менен бирге корутундуга укуктук баа берилиши тийиш.

7. Соттук териштирүүгө ишти даярдоо учурунда, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдардын аймактык бөлүмдөрүнөн баланын жашаган жерине жана жарандыгына карабастан аны Кыргыз Республикасынын жарандарынын үй-бүлөсүнө, же баланын туугандарына берүү мүмкүн эместигин тастыктаган документти; ата-эненин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар жөнүндөгү мамлекеттик маалыматтар банкында асырап алынуучу бала жөнүндө маалыматтын бардыгын далилдеген документти талап кылуу зарыл экендигине соттордун көңүлүн буруу тийиш (КРнын Өкмөтүнүн 2010-жылы 2-мартынын № 125 токтому менен бекитилген "Ата-эненин камкорчулугусуз калган балдар жөнүндөгү мамлекеттик маалыматтар банкын түзүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө" жобо).

Мында, сотко жогоруда айтылган банктан бала жөнүндө берилген маалыматта анын этникалык теги, белгилүү бир динге жана маданиятка, эне тилине тиешелүүлүгү,

тарбиялоодо жана билим берүүдө жолдоочулукту камсыздоо мүмкүндүгү, туугандык байланыштары тууралуу маалыматтардын болуусу зарыл.

Ата-энелерининин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар жөнүндө маалыматтардын мамлекеттик банкына ушундай балдар жөнүндө маалымат түшкөн күндөн тартып 3 ай өткөндөн кийин, балдардын туугандары болуп саналбаган Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга асырап алууга берилиши мүмкүн экендигине соттордун көңүлдөрү бурулсун.

8. Асырап алуу жөнүндө арызды кароодо арыз берүүчү үчүн асырап алуучу болуусун жокко чыгаруучу негиздин жоктугун аныктоо керек (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 48-бер.).

Эки жыныстагы тең, жашы жеткен адамдар асырап алуучулар боло алышаарын эске алуу керек. Эмансипацияланган, ошондой эле 18 жашка чейин никеге туруу учурунда толук аракетке жөндөмдүү деп табылган адамдар бул категорияга кирбейт.

Асырап алуучу боло албагандар (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 48-бер. 1-п.):

1) сот тарабынан аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелүү деп таанылган адамдар;

2) сот тарабынан бири аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелүү деп таанылган жубайлар;

3) сот тарабынан ата-энелик укуктарынан ажыратылган же сот тарабынан ата-энелик укуктары чектелген адамдар;

4) мыйзамда ага жүктөлгөн милдеттерди талаптагыдай аткарбаганы үчүн камкорчунун (көзөмөлчүнүн) милдеттеринен четтетилген адамдар;

5) мурдагы асырап алуучулар, эгерде сот тарабынан алардын күнөөсү боюнча асырап алуу жокко чыгарылса;

6) ден-соолугунун абалына байланыштуу ата-энелик укуктарын жүзөгө ашыра албаган адамдар.

Жактын баланы асырап алууга, аны камкорчулукка (көзөмөлчүлүккө) алууга, багуу үй-бүлөгө алууга тоскоол болгон оорулардын тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет (2015-жылдын 27-октябрынын № 733 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген "Адам ооруп калганда асырап алуучу, камкорчу (көзөмөлчү) жана багып алуучу ата-эне боло албай турган оорулардын" тизмеги);

7) асырап алуу учурунда асырап алынуучу баланы Кыргыз Республикасында белгиленген жашоо минимуму менен камсыз кылуучу кирешеси болбогон адамдар;

Жашоо минимумунун көлөмүнүн өлчөмү "Кепилденген мамлекеттик минималдык социалдык стандарттар жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык (аталган Мыйзамдын 17, 20-бер.) КРнын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

Кыргыз Республикасынын аймагында КРнын жараны болуп саналган баланы чет элдик жарандар асырап алууда бул пункт таралбайт (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 66-бер. 1-п.).

8) туруктуу жашаган жери, ошондой эле белгиленген санитардык жана техникалык талаптарга жооп берген турак жайы жок адамдар;

Жогорудагы талап арыз берүүчүнүн турак жайы санитардык жана техникалык талаптарга жооп бериши маанилүү. Ал эми турак жай арыз берүүчүнүн жеке

менчигиндеби, колдонуу укугундабы, ижарага жана башка укукта таандылыгы маанилүү эмес.

Сот конкреттүү ишти кароодо баланын кызыкчылыктарын жана көңүл буруууга татыктуу шарттарды эске алып, асырап алуу жөнүндөгү арызды канааттандыруу зарылчылыгы жөнүндө чечимге келсе, КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 48-бер. 1-п. 7, 8-пп. бекитилген асыроочунун жашоо минимуму менен камсыз кылуучу кирешеси, санитардык жана техникалык талаптарга жооп берген турак жайынын болуусу жөнүндө жоболордон четтөө укугуна ээ (мисалы, баланы анын тууганы асырап алып жатса; асырап алуу жөнүндө арыз бергенге чейин бала асырап алуучунун үй-бүлөсүндө жашаса жана аны өзүнүн ата-энеси деп эсептесе; асырап алуучу айыл аймагында жашаса жана көмөкчү чарбасы бар болсо; асырап алуучу бул аймактын шарттарына ылайык турак жайга ээ болсо).

Соттун мындай жыйынтыкка келгендиги жөнүндө жүйөөсү соттук чечимде чагылдырылышы керек (КРнын ЖПКнин 198-бер.).

9) асырап алуу учурунда жарандардын өмүрүнө же ден-соолугуна каршы атайылап кылмыш жасаганы үчүн соттолгондугу бар адамдар;

10) оор жана өзгөчө оор кылмыштарды жасаганы үчүн алып салынбаган жана жоюлбаган соттолгондугу бар адамдар;

11) соттолгондугу жоюлганына жана алып салынганына карабастан, кылмыштуулук-өнөкөтү бар адамдар.

Жогоруда аталган бардык жагдайлар КРнын ЖПКнин 63, 65-бер. ылайык далилдер менен такталышы зарыл: арыз берүүчү сот тарабынан ата-энелик укуктарынан ажыратылган же сот тарабынан ата-энелик укуктары чектелгендиги, аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелүү деп таанылган жубайлар же анын бири, камкорчулукка алуучунун милдетинен четтетилгендиги, асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө күчүнө кирген соттун чечимдери, тийиштүү медициналык тактамалар, мыйзамдуу күчүнө кирген айыптоо өкүмдөр, соттуулугу бар жөнүндө ички иштер органдарынын тактамалары ж.б.

9. Баланы асырап алууда анын ата-энесинин макулдугу зарыл.

16 жашка толо элек жашы жетпеген ата-энелердин баласын асырап алууда, алардын ата-энелеринин же камкорчуларынын (көзөмөлчүлөрүнүн) да макулдугу, ал эми ата-энелери же камкорчулары (көзөмөлчүлөрү) жок болгондо - балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн макулдугу зарыл (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 50-бер. 1-п.).

Ошону менен бирге, жашы жете элек 16 жашка толгон ата-энелерге мыйзамдуу өкүлдөрдүн макулдугу талап кылынбайт.

Ата-энелердин баланы асырап алууга макулдугу балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү тарабынан алынат жана нотариус тарабынан же бала турган мекеменин жетекчиси тарабынан, же болбосо ата-энелердин жашаган жериндеги балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү тарабынан күбөлөндүрүлгөн арызда көрсөтүлүшү керек.

Баланы асырап алуу жөнүндө ишти кароодо ата-эненин макулдугу түздөн-түз соттук териштирүүдө билдирилиши мүмкүн, ал сот отурумунун протоколунда чагылдырылышы керектигин соттор эске алуусу зарыл. Тараптын макулдугу өзүнчө баракта жазылат.

Асырап алынуучу баланын ата-энеси бала менен чогуу же өзүнчө жашагандыгына карабастан бала асырап алууда алардын ар биринин макулдугу керектигин соттор эске алыш керек. Ошону менен бирге эле, ата-энеси никеде турушабы же никеси ажыратылганбы, же никеси жараксыз деп табылганбы мааниге ээ эмес. Ата-энелер бала асырап алууга белгилүү бир адамды көрсөтүп же көрсөтпөстөн макулдук бере алышат.

КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 50-бер. 2-п. ылайык ата-энелердин ар бири баланы асырап алууга мурда берген макулдугун сот чечим чыгарганга чейин эч бир себептерге карабастан кайра чакыртып алууга укуктуу экендигине соттордун көңүлү бурулсун.

Ата-эненин төрөлө элек баланы асырап алууга макулдук берүүсүнө жол берилбейт.

10. Баланы асырап алуу анын ата-энесинин макулдугусуз КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 51-бер. тизмесинде каралган учурларда гана мүмкүн экендигине соттордун көңүлү бурулсун. Алардын макулдугун алуунун зарылчылыгы жок экендиги тийиштүү далилдер менен тастыкталышы керек (дайынсыз жок болгондугу, жөндөмсүздүгү, асырап алган баланын ата-энелеринин (ата-энесинин) ата-энелик укугунан ажыратуу жөнүндөгү мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечими).

Ташталган балдар табылганда, ата-энелердин макулдугусуз бала асырап алуу мүмкүнчүлүгү болуп, аларда кандайдыр бир документ жок экендиги жөнүндө түзүлгөн акт, протокол же табылгандыгы жөнүндө башка документ далил болуп саналат. Ташталган балдар ички иштер органдары тарабынан табылып, бул жөнүндө акт түзгөн күндөн тартып 6 ай өткөндөн кийин асырап алууга берилиши мүмкүн.

Балдарды коргоо боюнча укуктук органдардын аймактык бөлүмдөрү бала табылган күндөн баштап 7 күндөн кем эмес убакытта ата-энеси белгисиз болсо, ташталган (табылган) баланын туулган күнүн мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жарандык абалынын актыларын каттоо органдарына арыздары менен кайрылууга милдеттүү (2020-жылдын 1-августундагы №110 “Жарандык абалдын актылары жөнүндө” КР Мыйзамынын 18-беренеси.).

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Ташталган баланы асырап алуу жөнүндө арызды кабыл алууда баланын туулгандыгы жөнүндө каттоосун тастыктоочу актылык жазуунун көчүрмөсү арызга тиркелгендигин текшериш керектигине соттор көңүлдөрүн буруусу керек.

КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 51-бер. 5-абзацы сот тарабынан үч шарттын бирдей болуусу такталганда, атап айтканда: 6 айдан ашык бала менен ата-эненин чогуу жашабаганы; алардын баланы тарбиялоодон жана багуудан баш тартышы, жүйөлүү себепсиз ата-энелик милдетин аткара албагандыгы сот тарабынан аныкталса колдонулат.

Эгер ата-энелер объективдүү себептерге байланыштуу бала менен чогуу жашабаса жана аны тарбиялабаса, бакпаса, баланы багууга катышуудан баш тарткан болуп эсептелбейт (стационардык дарыланууда болсо, же камакта кармоо жайларында болсо, ошондой эле ата-энелердин бирөөсү экинчисине баланы тарбиялоо жана аны менен мамиле куруу укугун аткарууга тоскоолдук жаратса ж.б.).

Бул пункт чет өлкөлүк жарандар тарабынан бала асырап алуу учуруна жайылбаганын эске алуу керек (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 66-бер. 1-п.).

11. КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 48-бер. 2-п. боюнча КРнын Үй-бүлө кодексинин 11, 12-бер. талаптарына ылайык катталган никеси жок адамдар тарабынан бир эле баланы асырап алууга тыюу салынат.

Никеде турган адамдардын бири баланы асырап алуу жөнүндөгү арыз берүү учурунда КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 54-бер. 1-п. ылайык, анын жубайынын жазуу жүзүндөгү нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн, же түздөн-түз соттук отурумунда берилген асырап алууга макулдугу болуусу зарыл. Соттук отурумда арыз берген жубайдын баланы асырап алууга макулдугу соттук отурумдун протоколунда чагылдырылышы керек. Мындай макулдук өзүнчө баракта жазылат.

КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 54-бер. 2-п. ылайык жубайынын макулдугу талап кылынбайт: 1) жубайлар үй-бүлөлүк мамилелерди токтотkondo; 2) бир жылдан ашык чогуу жашабаганда; 3) арыз берүүчүнүн жубайынын жашаган жери белгисиз болгондо. Көрсөтүлгөн жагдайлар КРнын ЖПКнин 59-бер. каралган далилдөө каражаттары менен аныкталат, ошондой эле бул жубайдын дайынсыз жоголгондугу жөнүндө мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечими эсептелинет.

12. 10 жашка толгон баланы асырап алуу үчүн анын макулдугу зарыл (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 53-бер. 1-п.).

Сот баланын оюн билүү учурунда, ал өзүнүн жеке кызыкчылыктарын түшүнө билеби жана кантип негиздегендигине, анын оюна ата-энелердин биринин же башка кызыктар болгон адамдардын таасир этүүсүнүн натыйжасы эместигин аныктоосу керек. Зарыл болгон учурда сот адис-психологдун катышуусу менен баланы сурашы мүмкүн.

Баланын макулдугу конкреттүү бала асырап алуучуларга (асырап алуучуга) тиешелүү болуш керек жана анын так ушул адамдар тарабынан асырап алуусуна каалоосун сот эсепке алышы керек. Баланы асырап алууда баланын мындай макулдугу балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдардын аймактык бөлүмдөрү тарабынан түзүлгөн өзүнчө документтеринде чагылдырылышы керек.

Эгерде 10 жашка толгон бала асырап алуу жөнүндө арыз бергенге чейин асырап алуучунун үй-бүлөсүндө жашаса жана аны өзүнүн ата-энеси деп эсептесе, бул өзгөчө жагдай болуп эсептелинет. Мындай учурда баланы асырап алуу асырап алынуучу баланын макулдугусуз жүргүзүлөт.

Асырап алган баланын асыроого макул болуусу же макул эместиги жөнүндө ишти кароодо сот өзү тактай алат.

13. Соттук териштирүүгө ишти даярдоо стадиясында асырап алынып жаткан баланын аларды дагы асырап алуу жөнүндө маселени коюлбаган бир тууган ага-инилери, эже сиңдилери бар же жоктугу иликтениши керек. Мындай учурда балдар өз ара бир туугандыгы жөнүндө кабары жок болсо, чогуу жашабаса же тарбияланбаса, оорусуна байланыштуу чогуу жашап тарбияланбаса гана баланы асырап алуу мүмкүн. Көрсөтүлгөн эреже толук кандуу эмес ага-инилерди же эже-сиңдилерди ар кандай адамдар тарабынан асырап алуусунда да колдонулушу мүмкүн.

14. КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 49-бер. 1-п. ылайык, асырап алуучунун жаш курагы 60тан ашпоого тийиш. Өзгөчө учурларда сот балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктук органдардын аймактык бөлүмүнүн макулдугу менен баланын туугандарынын

ичинен курагы 60 жаштан ашкан адамды бала асырап алуучу, ошондой эле, камкордук (көзөмөлчүлүк) кылуучу катары дайындашы мүмкүн.

15. Никеге турбаган асырап алуучу менен асырап алынуучу баланын ортосундагы жаш курактын айырмасы 16 жаштан кем болбоосу тийиш. Сот тарабынан жүйөөлүү деп таанылган себептер менен жаш курак айырмасы кыскартылышы мүмкүн, мисалы, асырап алуучуга баланын өтө жакын болуусу, же асырап алуучуну өзүнүн ата-энеси деп кабыл алуусу ж.б.

Баланы асырап алуу учурунда жубайлардын экөө тең же өгөй атасы (өгөй апасы) менен баланын ортосундагы жаш курак айырмасынын болушу талап кылынбайт. Ошого карабастан, асырап алуучунун мүмкүнчүлүгүн (жашы, жеке ийкемдүүлүгү, активдүүлүгү, ден-соолугунун абалы ж.б.) анын жашы жеткенге чейинки убакыттын аралыгында баланы толук түрдө багуу жана керектүү тарбия берүүнү жүзөгө ашыруусу зарыл.

16. КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 44-бер. баланы туугандары асырап алуусунун артыкчылыгы каралат. Эгерде Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарынын үй-бүлөлөрүнө тарбиялоого же туугандарынын жарандыгына жана жашаган жерине карабастан, балдарды туугандары тарабынан асырап алууга берүүгө мүмкүн болбогон учурларда гана балдарды чет өлкөлүк жарандар тарабынан асырап алынышына жол берилет.

Асырап алынуучу баланын туугандарына өткөрүп берилишинин мүмкүн эместиги балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн актысында чагылдыруу зарыл, актыга ал жагдайды тастыктаган иш кагаздар тиркелүүсү тийиш.

Баланы асырап алууга берүү КМШ мамлекеттер-катышуучуларынын жарандарына (курамына: Кыргызстан, Россия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Азербайжан, Армения, Молдова, Белорусия кирет) жана КРнын аймагында баланы асырап алууну каалаган чет өлкөлүк жарандарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-октябрындагы № 733 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга баланы асырап алууга берүү тартиби жөнүндө" жободо каралган тартипке ылайык жүргүзүлөт.

Чет өлкөлүк жарандардын баланы асырап алууга иш документтерди жыйноо өзгөчөлүгү “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-октябрындагы №733-токтому менен бекитилген “Балдарды Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга асырап алууга берүү тартиби жөнүндө” Жободо” каралган, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин 2016-жылдын 4-майындагы № 114 буйругу менен бекитилген "Балдарды Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга асырап алууга берүү тартиби жөнүндө" методикалык көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлөт.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Ошону менен бирге, азыркы күндө иштеп жаткан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору жана башка ченемдик укуктук актылары өзгөрүүгө дуушар болгон учурда соттор тарабынан алар өзгөрүлгөн редакциясы колдонулууга тийиш.

Баланы асырап алууда талапкерлер, Кыргыз Республикасынын жараны болуп, бирок КРнын аймагынан тышкары туруктуу жашаса, ошондой эле чет өлкөлүк жарандар болсо,

бала менен таанышууда жеке өздөрү катышууга, бала менен байланыш түзүү үчүн 10 календардык күндөн кем эмес убакытты чогуу өткөрүүгө милдеттүү (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 66-бер. 6-п.).

Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган чет өлкөлүк жаран болгон баланы асырап алууда, баланын мыйзамдуу өкүлүнүн жана бала жараны болгон мамлекеттин компетенттүү органынын макулдугу талап кылынат.

Кыргыз Республикасынын аймагында КРнын жараны менен никеде турган чет өлкөлүк жарандар КРнын жараны болгон балдарды асырап алуусу КРнын жарандарына коюлган тартипте жүргүзүлөт.

Асырап алууну каалаган баланын туугандары (чоң апасы (тай энеси), чоң атасы (тай атасы), бир туугандары жана аталаш (энелеш) бир туугандары, эжеси (тай эжеси), агасы (тай акеси), (эжеси, жездеси, агасы, жеңеси) чет мамлекеттин жарандары болсо, баланын жашаган (жайгашкан) жери боюнча баланы асырап алууга берүү жөнүндө корутунду чыгарып берүү үчүн балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктук органдардын аймактык бөлүмүнө өздөрү кайрылышат (№ 733 "Балдарды Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга баланы асырап алууга берүү тартиби жөнүндө" жобонун 43-п.).

Эл аралык бала асырап алуу боюнча маселени чечүүдө 1993-жылдын 29-майынын Гаага конвенциясынын 5-бер. ылайык болжолдонгон асырап алуучу ата-эне асыроого укуктуу жана буга ылайыктуу экенин, балага кабыл алуучу мамлекетке кирүүгө жана ал жерде туруктуу жашоого уруксат берилген же берилбегендигин (Конвенциянын 17-б.) аныктаган кабыл алуучу мамлекеттин борбордук ыйгарым укуктуу органынын уруксаатынын (макулдугунун) болуусу керектигине соттордун көңүл буруусу зарыл.

Чет өлкөлүк жарандар тарабынан эл аралык бала асырап алуу боюнча иштин сотко чейинки даярдыгын Кыргыз Республикасында аккредиттацияланган чет өлкөлүк уюмдун өкүлчүлүгү, ал эми КМШ мамлекеттеринин-катышуучуларынын жарандары болсо - асырап алынуучу бала жашаган жердеги балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн колдоосу менен жеке өздөрү жүргүзүшөт (Балдарды Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга асырап алууга берүү тартиби жөнүндө № 733 жобосунун 41-п.).

Аккредитацияланган чет өлкөлүк уюмдун өкүлчүлүгү - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык расмий катталган, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзам тарабынан белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында балдарды мамлекеттер аралык асырап алуу боюнча ишти жүзөгө ашырган уюм.

Чет мамлекетте берилген, түзүлгөн же күбөлөндүрүлгөн документтер Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан КР ЖПКнын 80-беренесинин 4-бөлүгү жана 392-беренесине ылайык, эгер башкасы мыйзамда же Кыргыз Республикасы катышуучу болгон мыйзам тартибинде күчүнө кирген эл аралык келишимдерде каралбаса, консулдук легалдаштырылган болсо гана кабыл алынат.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Мында Кыргыз Республикасы 1961-жылдын 5-октябрындагы Чет өлкөлүк расмий документтерди легалдаштыруу талаптарын жокко чыгарган Гаага конвенциясына

кошулгандыгын эске алуу керек. Ушуга байланыштуу, эгерде сотторго көрсөтүлгөн документтерди берген чет өлкөлүк уюм аталган Конвенцияга кошулган мамлекетте катталса, анда бул документтер легалдаштыруудан бошотулат. Бул учурда, легалдаштыруу чет өлкөлүк уюм катталган мамлекеттик компетенттүү органдын апостиль коюп берүүсү менен алмаштырылат.

Апостиль - легалдаштыруунун мындай түрүн кабыл алган мамлекеттердин аймагында көрсөтүү үчүн документтердин мыйзамдуулугу жөнүндө маалыматтарды толтуруунун эл аралык стандартташтырган түрү.

Арыз берүүчүлөрдүн жазуу жүзүндө берген документтерин кароодо жана алардын тууралыгына баа берүүдө Гаага конвенциясынын 4-бер. каралган апостиль коюу тартиби сакталгандыгына, тактап айтканда: апостиль документтин өзүндө же документке тиркелген өзүнчө баракта көрсөтүлүп, аталган Конвенцияга тиркелген үлгүгө дал келиш керек; баардык документтер КРнын мамлекеттик же расмий тилине которулушуна соттордун көңүлү бурулуусу тийиш.

Котормо баланы асырап алууга талапкерлер жашаган мамлекеттеги КРнын дипломатиялык өкүлчүлүгүндө (элчилигинде) же консулдугунда нотариалдык жактан же КРнын аймагындагы нотариус тарабынан күбөлөндүрүлүшү керек ("Балдарды Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга асырап алууга берүү жөнүндө" № 733 жобосунун 32-п.).

17. КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 58-бер. 1, 2-п. ылайык, асырап алынган балдар жана алардын тукуму (балдары) асырап алуучуларга жана алардын туугандарына, ал эми асырап алуучулар жана алардын туугандары асырап алынуучу балдарга жана алардын тукумуна (балдарына) карата теги жагынан туугандарына мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктары жана милдеттери теңделет. Асырап алынган балдар өз ата-энелерине, башка туугандарына карата жогоруда айтылган укуктарын жоготот жана милдеттеринен бошотулат. Бул эреже жубайлар, ошондой эле алардын бирөөсү же никеде турбаган адам тарабынан бала асырап алуу учурунда да колдонулат.

Бала бир адам тарабынан асырап алынганда, эгерде асырап алуучу эркек болсо - энесинин каалоосу боюнча, же эгерде асырап алуучу аял болсо - атасынын каалоосу боюнча жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктары жана милдеттери сот тарабынан сакталышы мүмкүн. (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 58-бер. 3-п.).

Баланын ата-энесинин бирөө каза болгон жагдайлар өзгөчө шартты түзөт. Мындай жагдайда, баланын кызыкчылыктарынын талап кылынышын сот аныктаса, каза болгон ата-эненин ата-энелеринин (баланын чоң энеси (тай энеси), чоң атасы (тай атасы) өтүнүчү боюнча асырап алынган балага карата укуктары жана милдеттери сакталышы мүмкүн (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 58-бер. 4-п.). Мисалы, бала чоң апасы (тай энеси), чоң атасы (тай атасы), агасы, эжеси жана башка туугандарына жакын, ошондуктан алар менен болгон мамиле токтотулса, ага психикалык залака тийиши мүмкүн.

Жогоруда айтылган натыйжалар, баланын туулгандыгы тууралуу актылык жазууда асырап алуучулар ата-энелер катары жазылган-жазылбаганына карабастан келип чыгат (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 58-бер. 6-п.).

18. КРнын Үй-бүлө кодексинин 125-березенин 2 жана 2-1-пункттарына ылайык, бала асырап алынгандан кийин, сот тарабынан өндүрүлгөн алименттердин төлөөсү токтотулушуна соттордун көңүлдөрү бурулсун.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 58-бер. 3-п. ылайык, баланы асырап алуу учурунда ата-энесинде жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктары жана милдеттери сакталса, бул ата-энелер үчүн соттук тартипте алимент төлөө мындан ары да уланат. Аталган учурда алименттердин көлөмүнүн азайтуу, аларды төлөөдөн бошотуу менен байланыштуу маселелер, алимент төлөп жаткан адамдардын доо арызынын негизинде сотто доо өндүрүш тартибинде каралууга тийиш.

19. Баланы асырап алуу жөнүндөгү күчүнө кирген соттун чечими жарандык абалдын актыларын жазуу органдары (ЗАГС) тарабынан актылык каттоолорду жазууга, анын туулгандыгы тууралуу тиешелүү өзгөрүүлөрдү киргизүүгө жана туулгандыгы тууралуу жаңы күбөлүк берүүгө негиз болот ("Жарандык абалдын актылары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 34-берене, Кыргыз Республикасында жарандык абалдын актыларын каттоо тартиби тууралуу Нускамасынын 78-пункту).

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Бирок соттор ар дайым эле чечимдин корутунду бөлүгүндө асырап алынган бала, асырап алуучулар жөнүндө, ошондой эле асырап алуучуларга тиешелүү болгон баардык маалыматтарды көрсөтө бербейт.

Бала асырап алуу жөнүндө арыз канааттандырылган чечимдин корутунду бөлүгүндө бала белгилүү адамдар (адам) тарабынан асырап алынгандыгы тууралуу, жарандык абал актыларын жазуу органдарында мамлекеттик каттоо үчүн зарыл болгон, асырап алынган бала жана бала асырап алуучу жөнүндө бардык маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш, тактап айтканда:

- бала асырап алуучулардын (бала асыроочунун) фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган датасы жана жери, жарандыгы, улуту, жашаган (турган) жери “Жарандык абалдын актыларын каттоо тартиби жөнүндө Нускаманын 12-пункту);

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

- биологиялык ата-энеси жөнүндө маалымат болгон учурда, ата-энесинин (ата-энесинин биринин) фамилиясы, аты, атасынын аты, жарандыгы, улуту (туулгандыгы жөнүндө актылык жазуусунда болсо);

- баланын туулгандыгы жөнүндө мамлекеттик каттоону жүргүзгөн, туулгандыгы тууралуу жазуу актысынын түзүлгөн күнү, номери жана жарандык абал актыларын жазуучу органдын аталышы;

- бала асырап алуучулардын никеге тургандыгы жөнүндө мамлекеттик каттоо жүргүзгөн, асырап алуучулардын никеге тургандыгы жөнүндө жазылган актынын түзүлгөн күнү, номери жана жарандык абал актыларын жазуучу органдын аталышы; ("Жарандык абалдын актылары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 44-бер.).

Көрсөтүлгөн маалыматтардан сырткары, КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 55, 56, 57-бер. ылайык, арыз берүүчүнүн тийиштүү талабы болсо, чечимдин корутунду бөлүгүндө башка да маалыматтар чагылдырылышы керек:

- асырап алынган балага жаңы ат, атасынын аты жана фамилиясы берилгендиги;

- асырап алынган баланын туулган күнүн жана туулган жеринин өзгөртүлгөндүгү жөнүндө. Бул учур 1 жашка чейинки баланы асырап алууда гана жол берилет, бирок баланын туулган күнү 3 айдан көп эмес өзгөртүлүшү мүмкүн, ал эми туулган жери баланын жашына чектелген эмес;

- асырап алынган баланын ата-энеси катары асырап алуучуларды жазуу 10 жашка чыккан баланы асырап алууда баланын макулдугу сөзсүз керек, асырап алуу жөнүндөгү арыз берүүгө чейин, бала асырап алуучунун үй-бүлөсүндө жашаса жана аларды (аны) өз ата-энеси деп эсептеген учурлардан сырткары.

Сот аталган маселелерди караган учурда, тийиштүү жыйынтыктар чечимдин жүйөлөштүрүлгөн бөлүгүндө да чагылдырылышы зарыл.

Соттун чечими КРнын ЖПКнын 17-главасынын жана 2018-жылдын 28-февралындагы №4 "Соттук чечим жөнүндө" КРнын Жогорку Сотунун пленумунун токтомунун талаптарына жооп бериши керектигин соттор эске алуусу зарыл.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Сот, асырап алынган баланы мамлекеттик каттоого алуу үчүн соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып 3 күндүн ичинде анын көчүрмөсүн чечим чыгарган жерге жарандык абалдын актыларын жазуу органдарына (ЗАГС) жөнөтүүгө тийиш.

20. Баланы асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө иштер баланы асырап алуу жөнүндөгү чечимди чыгарган сот тарабынан балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн өкүлү жана прокурордун катышуусу менен өзгөчө өндүрүштүк тартипте каралгандыгына соттордун көңүлү бурулсун.

Эгерде өзгөчө өндүрүш тартибинде жүргүзүлүүчү ишти сотто кароодо укуктук талаш-тартыш бар экендиги аныкталса, ишти караган сот аныктама чыгарып, арыз берүүчүгө жана таламдаш башка жактарга алардын талаш-тартыш маселесин доо өндүрүш тартибинде чечип алуу укугу түшүндүрүлөт (КРнын ЖПКнин 271-бер. 3-п.).

Баланы асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө арыз менен кайрылуу укугуна баланын ата-энелери, баланы асырап алуучулар, 14 жашка чыккан асырап алынган бала, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган, ошондой эле прокурор ээ. Асырап алынган баланын таламдарын коргоо максатында балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн же прокурордун берилген арызы тез арада каралып чечимди жокко чыгаруу маселеси токтоосуз чечилүүгө тийиш.

КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 62-бер. каралган негиздер боюнча асырап алуу баланын таламдарына дал келбесе гана баланы асырап алуу жокко чыгарылат.

Асырап алган баланы тарбиялоодон, анын адеп-ахлактык жана физикалык өсүүсүнө, окутууга камкордук көрбөгөндүгү асырал алуучулар жүктөлгөн милдеттеринен качкандыгы деп таанылат. Мисалы, асырап алуучулар аларга жүктөлгөн милдеттерин аткаруудан качкан катары алар тарабынан баланы туугандарына өткөрүп берип коюусу жана ага материалдык жардам көрсөтпөй койгондугу.

Асырап алуучулар ата-энелик укуктарын кыянаттык менен пайдаланды деп, ошол укуктарын пайдаланууда, асырап алынган баланын кызыкчылыктарына залака тийгизүү (кайыр суратууга, уурулук кылууга, спирт ичимдиктерин колдонууга, баңги заттарды колдонууга түртүү, баланын эмгегин оор жумуштарга пайдалануу ж.б.) эсептелинет.

Асырап алуучулар тарабынан асырап алынган балага карата катаал мамиле жасоо катары, баланын физикалык жана психикалык өсүүсүнө коркунуч туудурган же жараткан, жыныстык кол тийбестигине кол салуу, жол берилбеген тарбия ыкмасын колдонуу, жаш баланын адамдык ар намысына орой, көңүл кош, мазактоочу аракеттерди жана башка мазактоону асырап алуучу тарабынан асырап алынган балага карата психикалык жана физикалык зордук күч колдонуусу таанылат.

Асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө ишти кароо учурунда, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери жүргүзгөн турмуш шартынын көзөмөлдүк текшерүүсү жана асырап алынган баланын тарбиясынын жыйынтыктары, анын ичинде асырап алган баланын турмушунун шарты, тарбиясы жөнүндөгү отчетун сот эске алат. Бул отчетторго иштеги болгон баардык далилдерге чогуу кошо баа берилет.

КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 62-бер. 1-п. башка учурларда, бала асырап алуу жокко чыгарылышы каралып жатканда бала 10 жашта болсо, анын оюу сотто угулаарын сотторго түшүндүрүлсүн.

21. Баланын ой-пикирин эске алуу менен баланын кызыкчылыгын көздөп башка негиздер боюнча дагы асырап алууну жокко чыгарууга сот укуктуу.

Мындай жагдайларга төмөнкүлөрдү киргизсе болот, мисалы: жеке сапаттарына байланыштуу бала асырап алуучу менен асырап алынуучу баланын бири-бирин түшүнө алышпаса, натыйжада, бала үчүн асырап алуучу эч кандай кадыр-баркка ээ боло албаса же асырап алуучунун үйүндө бала өзүн үйүндөгүдөй сезе албаса; асырап алгандан кийин баланын акыл-эси соо эместиги же ден-соолугу тукум куучулук бузуулары бардыгынын натыйжасында багып алуу процесси мүмкүн болбогондо жана алар туурасында асырап алуучу эскертилген болбосо, же баланын кызыкчылыгына карама-каршы келген башка жагдайлар болсо.

22. КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 65-бер. ылайык, баланы асырап алууну жокко чыгаруу асырап алуучулардын жана асырап алынган баланын өз ара макулдашуусу болгон, ошондой эле, эгерде алар тирүү болсо, асырап алынган баланын ата-энелери ата-энелик укуктарынан ажыратылбаган же сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган учурларды кошпогондо, эгерде асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө талаптар коюлган учурда асырап алынган бала эрезеге жетсе, баланы асырап алууну жокко чыгарууга жол берилбейт. Эрезеге жеткен асырап алынган балага карата жок дегенде бир тараптын каршылыгы болсо, бала асырап алууну жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

23. Сот бала асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө арызды карап жатып, арызды канааттандыруу менен чечимди жокко чыгарган учурларында баланы ата-энелерине өткөрүп берүү жөнүндө маселени чечет, ал эми алар жок болгон учурда же баланын кызыкчылыктарына каршы келсе, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдардын аймактык бөлүмдөрүнө камкордугуна өткөрүп берет; 10 жашка толгон балага ыйгарылган маалыматтардын өзгөрүшү асырап алууга байланыштуу ага берилген аты, атасынын аты жана фамилиясынын сакталышы жөнүндө анын макулдугу менен гана мүмкүн экендиги эске алынат (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 64-бер. 3-п.).

Сот баланын таламдарынан улам мурдагы асырап алуучуларды КРнын Үй-бүлө кодексинин 86 жана 88-бер. белгиленген өлчөмдөгү баланы багууга каражаттарды төлөөгө милдеттендирүүгө укуктуу (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 64-бер. 4-п.).

Сот бала асырап алууну жокко чыгаруу жөнүндө арыз боюнча негиз жок болсо канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечим кабыл алат.

КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 61-бер. 3-п. ылайык, сот баланы асырал алууну жокко чыгаруу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып соттун ушул чечиминин көчүрмөсүн асырап алуунун мамлекеттик каттоо жери боюнча жарандык абалды жазуу органына жиберүүгө милдеттүү.

24. Ата-энесинин камкордугусуз калган балдарды асырап алуу (көзөмөлчүлүк балдарды үй бүлөөдө тарбиялоонун жайылтылган формасы болуп саналат, ата энеси каза болгондо, сот тарабынан ата энеси дайынсыз жоголду же өлдү деп табуу жөнүндө, ата энесин аракетке жөндөмсүз деп табуу, ата-энелери ооруган жана мертинген, ата-энелик укуктан ажыратуу же ата энелик укуктан ажыратпастан баланы алып коюу боюнча соттун чечими менен, ата-энелери узакка жок болгон, ата-энелери балдарды тарбиялоодон же алардын укуктарын жана таламдарын коргоодон баш тарткан учурда, анын ичинде ата энелери балдарын тарбиялоочу, дарылоочу мекемелерден, калкты социалдык коргоо жана ушуга окшогон башка мекемелерден алуудан баш тарткан, баланын ата-энелери белгисиз болгон, ошондой эле ата-энелик көзөмөлчүлүк жок болгон башка учурларда жана аларга башка тарбиялоонун формасы орнотулбаганда колдонулат (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 40-бер.).

Ата-эненин узакка жок болушу бул ата-эненин кызматтык иш сапары, аларды чет жакка контракт менен жумушка жиберүүсү, ата-эненин узак убакытка медициналык стационардык дарылануудa болгондугу ж.б. Бирок иштин жагдайларын эске алуу менен сот ар бир конкреттүү учурларда мындай жок болууну жана узакка жок болууну аныктайт.

25. Соттор тарабынан ата энесинин камкордугусуз калган балдарды асырап алуу (көзөмөлчүлүк) дайындоо КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 74-бер. жана "Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк маселелери жөнүндө" КРнын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 24-сентябрындагы № 522 токтомунун 2 жана 16-пп. көрсөтүлгөн тартипте, ал жөнүндө маалыматтар баланын үстүнөн камкорчулукту же көзөмөлчүлүктү белгилөөнүн зарылчылыгы жөнүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга белгилүү болгон учурдан тартып бир айдын ичинде камкорчулукка же көзөмөлчүлүккө муктаж адамдарды жашаган жери боюнча өз үй-бүлөсүнө тарбиялоого балдарды кабыл алууну каалаган жаран катары балдар жөнүндө мамлекеттик банкта камтылат. Көрсөтүлгөн мөөнөт балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдардын аймактык бөлүмдөрүндө тийиштүү маалымат катталгандан тартып эсептелинет.

26. КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 76-бер. 1-п. ылайык, ата-энелер жүйөлүү себептер боюнча өзүлөрүнүн ата-энелик милдеттерин аткара албаган мезгилде, тийиштүү адамды асырап алуучу катары көрсөтүү менен алардын баласына камкорчуну же көзөмөлчүнү дайындоо жөнүндө биргелешкен арызды балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө бере алышат. Бул учурда, соттун актысында камкордукка алуучунун же көзөмөлчүнүн ыйгарым укуктарын колдонуу мөөнөтү так көрсөтүлүүгө тийиш (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 74-бер. 2-п.).

27. Асырап алынган баланын жайгашкан жериндеги балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктук органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн корутундусунун негизинде камкордукка алынуучу (көзөмөлчүлүк) сот дайындайт. Ошону менен бирге, корутунду өз

алдынча даттанылууга жатпайт, анткени ал башка документтер жана далилдер менен бирге изилденип, ага сот тарабынан жалпы укуктук баа берилет.

КРнын ЖПКнин 26-главасында каралган тартипте арыз берүүчүнүн камкордукка алуучу болууга баш тартуу боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн корутундусу сотто даттанылышы мүмкүн.

Талаш тартыштарды туура чечүү үчүн балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктук органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн тийиштүү акт түрүндө жазылган камкордукка (көзөмөлчүлүккө) алган талапкердин материалдык-тиричилик шарты, турак жайынын санитардык абалы, үй-бүлөдөгү мамилелердин мүнөзү жана башка маанилүү болгон жагдайларга сапаттуу изилдөөсүнө соттордун көңүлү бурулууга тийиш. Актыга изилденип жаткан суроого тийиштүү документтер тиркелиши мүмкүн, алар сөзсүз түрдө корутундуга кошулат.

Баланын туугандарынын такталышы боюнча кандай себептер менен баланын туугандары өзүнүн үй-бүлөсүндө баланы кабыл алып тарбиялоодон баш тарткандыгы, аларга социалдык колдоо чарасы түшүндүрүлдүбү, ата-энесинин кароосунан калган балдарды алар өз үй-бүлөөсүнө кабыл алууда табылган адамдарга балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктук органдардын аймактык бөлүмдөрү кандай чаралар көрүлгөндүгүн соттор изилдөөгө тийиш.

28. Баланы камкордукка алуучуну дайындоодо камкордук алуучунун адеп-ахлактык же жеке сапаты, анын мындай милдетти аткаруудагы жөндөмдүүлүгү, алар менен баланын ортосундагы мамиле, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн балага болгон мамилеси, ошондой эле, эгерде мүмкүн болсо ошол баланын каалоосу эске алынат. Ал үчүн тийиштүү далилдер (талапкердин жашаган жериндеги балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктук органдардын аймактык бөлүмдөрү менен түзүлгөн маалым кат, камкордукка алуучу талапкердин жашаган жана иштеген жеринен актылар, мүнөздөмөлөр, талапкердин жашоо-тиричилик шартын текшерген акт) талап кылынууга тийиш.

Башкалардын алдында артыкчылык укуктарга ээ болгон адамдардын чөйрөсүндө, жарандыгына карабастан, чоң энеси (тайэнеси), чоң атасы (тайатасы), камкордуктагы баланын эрезеге жеткен ага-инилери, эже-сиңди, карындаштары кирет. Бул адамдар балдар тууралуу маалыматтардын мамлекеттик банкына киргизилбейт.

29. КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 68-бер. 3-п. каралган адамдардын тизмесиндеги адам камкорчу боло албайт.

Жашы жеткен, аракетке жөндөмдүү адамдар, ошонун ичинде чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар балдардын камкорчусу (көзөмөлчүсү) болуп дайындалышы мүмкүн.

Камкорчу (көзөмөлчү) менен баланын ортосундагы жаш боюнча өзгөчөлүктөрүнүн айырмасы 16 жаштан кем болбошу керек. Бирок, кээ бир учурда жүйөлүү себептер менен бул айырмачылык кыскартылышы мүмкүн (шартка байланыштуу, баланы камкорчу анын эрезеге жеткен агасы же эжеси болсо).

10 жашка толгон балага камкорчуну (көзөмөлчүнү) дайындоо анын макулдугу менен гана ишке ашат. Камкорчунун (көзөмөлчүнүн) өзүнүн макулдугу менен гана келечектеги камкорчунун (көзөмөлчүнүн) жубайынын макулдугун эске алуу менен камкорчу дайындалат.

30. Соттун чечиминде камкорчунун (көзөмөлчүнүн) ыйгарым укуктарынын мөөнөтү, ошондой эле ал жасоого тыюу салынган иш аракеттери (мисалы, камкордукта турган адамдын жашаган жерин алмаштырбоо) көрсөтүлүүгө тийиш. Камкордукка (көзөмөлчүлүккө) алынган баланын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сот камкорчуга (көзөмөлчүгө) алардын укуктарын жана милдеттерин аткарууда атайын талаптарды аныктоосу мүмкүн, мисалы, асырап алынган баланын өнөкөт оорусу менен медициналык кароодон өтүү же медициналык жардам көрсөтүү сыяктуу талаптарга байланыштуу.

31. Камкорчуну (көзөмөлчүнү) өзүнүн милдеттерин аткаруудан бошотуу же четтетүү, аны токтотуу сот тарабынан, ал эми убактылуу дайындалган камкорчуну (көзөмөлчүнү) өз милдетин аткаруудан бошотуу - балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт (КРнын Балдар жөнүндөгү кодексинин 79-бер. 1-п.). Камкорчулукту жана көзөмөлчүлүктү токтотуу КРнын Граждандык кодексинин 75-бер. каралган учурларда жүргүзүлөт.

Камкорчунун (көзөмөлчүнүн) милдеттерин аткаруудан бошотуу жана четтетүү жөнүндө иш балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн катышуусу менен сот тарабынан каралат. (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 79-бер. 1-п.).

Камкорчуну (көзөмөлчүнү) милдеттерин аткаруудан бошотуу жана четтетүүгө негиздер КР Граждандык кодексинин 74-бер. каралган. Камкорчуну (көзөмөлчүнү) милдеттеринен бошотууга тиешелүү негиздер болуп: жашы жете элек өспүрүмдүн өз ата-энесине кайтып кетиши, балдар тарбиялоо жайына, дарылоо мекемесине, социалдык коргоо мекемеге жана башка ушундай мекемелерге жайгаштырылганда. Жогоруда аталган жагдайлар камкорчуну (көзөмөлчүнү) милдетинен бошотууга милдеттүү түрдө негиз болуп эсептелбейт. Камкордуктагы баланын жеке кызыкчылыгын эске алуу менен сот камкорчулуктан (көзөмөлчүлүктөн) бошотуудан баш тарта алат.

Камкорчунун (көзөмөлчүнүн) жеке суранычы менен өз милдеттерин аткаруудан бошотуу сот тарабынан бул учурлар жүйөлүү себеп деп табылса гана мүмкүн болот (анын оорусу, материалдык жашоо шарты өзгөрсө, үй-бүлөлүк абалы, иш тартиби өзгөрсө, башка аймакка көчүп кетсе, узак мөөнөткө командировкага, экспедицияга чыгып балага көзөмөл жасай албай калган учурда, камкордукта болгон бала менен өз ара түшүнүшпөй калган учурда).

Мындан сырткары камкорчунун (көзөмөлчүнүн) өз милдетин аткаруу боюнча бошотулушун, четтетилишинен айырмалашы керек, анткени бул камкорчунун (көзөмөлчүнүн) пландарынан жана максаттарынан, эрк билдирүүсүнөн көз каранды эмес. Камкорчунун (көзөмөлчүнүн) өз милдеттеринен аткаруудан четтетилүүсү камкорчу (көзөмөлчү) өз милдеттерин терс максаттарда колдонуп, камкорчулукка алынган баланы көзөмөлсүз калтырып жана зарыл жардамсыз калтырса.

32. Камкорчулукка алынган бара 14 жашка толгондо анын үстүнөн белгиленген камкорчулук токтотулат, ал эми камкорчунун милдетин аткарган жаран жаш куракка толо элек балага кошумча чечими жок эле көзөмөлчү болуп калат.

Эрезеге жете элек баланын үстүнөн аныкталган көзөмөлчүлүк, ал 18 жашка толгондо чечимсиз эле токтотулат, ошондой эле жаш куракка толо электердин никеге туруп толук аракетке жөндөмдүү болгондо да токтотулат.

33. Жетим балдарды жана ата-эненин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды жатак мекемелерге жайгаштыруу баланы үй-бүлөгө жайгаштыруу боюнча аракеттердин бардыгын жасагандан кийин эң акыркы чара катары колдонулат.

Балдарды жатак мекемелерге жайлаштырууда сот тарабынан баланын жетим экендиги же ата-энесинин жоктугу аныкталышы керек жана ата-энелери каза болгон, алар ата-энелик укуктарынан ажыратылган, алардын ата-энелик укуктары чектелген, ата-энелер аракетке жөндөмсүз деп таанылган, ата-энелери ооруган жана мертинген, ата-энелери узакка жок болгон, ата-энелери балдарды тарбиялоодон же алардын укуктарын жана таламдарын коргоодон баш тарткан учурда, анын ичинде ата-энелери балдарын тарбиялоочу, дарылоочу мекемелерден, калкты социалдык коргоо жана ушуга окшогон башка мекемелерден алуудан баш тарткан, баланын ата-энелери белгисиз болгон, ошондой эле ата-энелик көзөмөлчүлүк жок болгон башка учурларда жүргүзүлөт (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 40-бер.).

34. Балдарды жатак мекемелерге жайлаштыруу балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн арызы, баланын мыйзамдуу өкүлүнүн, анын жакын туугандарынын, үй-бүлө мүчөсүнүн, ошондой эле баланын жашаган же жайгашкан жери боюнча прокурордун арызынын негизинде жүргүзүлөт.

Арызда төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:

1) баланын фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган күнү, анын жашаган жери (жайгашкан, баланын ата-энеси, анын бир туугандары жөнүндө маалыматтар);

2) арызды негиздеген жагдайлар, бул жагдайларды тастыктоочу далилдер.

Арызга төмөнкү иш кагаздар тиркелүүсү керек:

1) баланы жатак мекемеге жайлаштыруунун зарылдыгы жөнүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн корутундусу;

2) баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;

3) ата-энелик укуктарынан ажыратылган, алардын ата-энелик укуктары чектелген, ата-энелер аракетке жөндөмсүз деп таанылган жөнүндө мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актылар, баланын ата-энесине жаза катары белгиленген эркинен ажыратуу түрү жана ата-энесинин мындай жазанын эркинен ажыратылган жерлерде иш жүзүндө өтөлүшү жөнүндө маалыматтар;

4) баланын физикалык жана акыл эсинин өсүшү, ден-соолугунун абалы жөнүндө медициналык корутунду;

5) баланы үй-бүлөгө жайгаштыруу мүмкүн эместигин тастыктоочу маалыматтар;

6) баланы коргоо боюнча жеке план (КРнын Балдар жөнүндө кодекси 36-бер.).

35. Турмуштук оор кырдаалда болгон балдарга кызмат көрсөтүүчү, менчигинин формасына карабастан, жатак тибиндеги балдар мекемелериндеги балдарды багуу боюнча иштерди жүзөгө ашыруучу уюмдар аккредитациялоого жатат (КРнын Балдар жөнүндө кодексинин 38-бер. 1-п., 39-бер.) жана КРнын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген балдарды коргоо боюнча мамлекеттик орган тарабынан аккредитацияланган уюмдарга аккредитациялоо жөнүндө сертификаты берилет аккредитация жөнүндө күбөлүк (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 1-ноябрындагы №516 токтомуна “Балдарды багуу боюнча интернат тибиндеги балдар мекемелерин менчигинин формасына карабастан аккредитациялоо жөнүндө” Жобо).

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

36. Баланы интернаттык мекемеге жайгаштыруу жөнүндө иш сот тарабынан иш өндүрүшкө кабыл алынган күндөн тартып отуз күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Граждандык процессуалдык кодексинин 48-беренесинде каралган тартипте, балдарды коргоо органынын өкүлүнүн жана прокурордун милдеттүү катышуусу менен каралат. Сот ишке баланын ата-энесин (ата-энесинин бирин), башка мыйзамдуу өкүлдөрүн, туугандарын жана башка кызыкдар адамдарды, ошондой эле он жашка толгон баланы тартат.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

Ишти кароонун жыйынтыгы боюнча сот арызды канааттандыруу жөнүндө же арызды канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечимди кабыл алат.

КРнын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 24-сентябрындагы № 522 токтому менен бекитилген Баланы үй бүлөдөн тышкары жайгаштыруу тартиби жөнүндө жобо жетим балдар же ата-энелеринин камкордугусуз калган балдар үчүн бардык типтеги (тарбиялоо мекемелери, калкты социалдык жактан коргоо мекемелери, дарылоо мекемелери жана менчигинин түрүнө карабастан ушуга окшогон башка мекемелер) мекемелерге өткөрүп берүү тартибин жөнгө салат.

Ошону менен бирге, баланы мындай жайгаштыруу формасы убактылуу чара катары кароо зарыл жана баланы асырап алуу үчүн үй-бүлөнү табуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт.

37. Ата-энесиз калган балдарды, ошондой эле ата-энелик укуктарынан ажыратылган же чектелген, дайынсыз жоголгон, аракетке жөндөмсүз (чектелген жөндөмдүү) деп табылган же эркинен ажыратуу түрүндөгү жаза өтөп жаткан ата-энелердин балдарын алты айга чейинки мөөнөткө интернаттык мекемелерге менчигинин формасына карабастан убактылуу жайгаштыруу психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиянын жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын корутундуларынын негизинде жүргүзүлөт.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

6 айдан узак мөөнөт убакытка жайгаштыруу соттун чечими менен гана жүргүзүлөт.

Соттун чечиминин корутунду бөлүмүндө баланы белгиленген типтеги жатак мекемеге жайгаштыруу жана анын жайгашкан жери көрсөтүлүшү керек.

Баланы сүйлөөсү, көрүүсү жана угуусу жабыркаган балдар үчүн жатак мектеп, психоневрологиялык жатак-үйлөргө жайгаштыруу психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиянын корутундусу боюнча ушул жатак мекемелер ведомстволук баш ийүүсүндө балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.

38. Баланы интернаттык мекемеге жайгаштыруу жөнүндө чечимди кайра кароо тууралуу арыз менен баланын үй-бүлөсү жашаган аймактагы балдарды коргоо органы, интернаттык мекеме ведомстволук баш ийүүсүндө турган тиешелүү ыйгарым укуктуу орган, ошондой эле баланын мыйзамдуу өкүлдөрү сотко кайрылууга укуктуу.

Баланын интернаттык мекемеде негиздүү түрдө болуусун кайра кароо тууралуу арыз баланы көрсөтүлгөн мекемеге жайгаштыруу жөнүндө чечим чыгарган райондук сот тарабынан, балдарды коргоо органынын өкүлүнүн, баланын жайгаштырылган

интернаттык мекеменин өкүлүнүн жана прокурордун милдеттүү катышуусу менен каралат.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №37- токтомунун редакциясына ылайык)*

Сот арызды карап чыгып, баланы жатак мекемеге жайгаштыруу боюнча чечимди жокко чыгаруу жөнүндө же мындай арызды канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечимди кабыл алат.

39. Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 141-беренесинин 1-бөлүгүнүн 10, 11-пункттарына ылайык камкорчулук (көзөмөлчүлүк) белгилөө жана баланы (кызды) асырап алуу иштери боюнча, ошондой эле ата-энесиз калган жана ата-энелик камкордуктан ажыратылган балдарды интернаттык мекемелерге жайгаштыруу жөнүндө иштер боюнча арыз берүүчүлөр мамлекеттик алымды төлөөдөн бошотулат.

*(КР ЖС Пленумунун 25.12.2025-ж. №38- токтомунун редакциясына ылайык)*

40. Ушул Токтомду кабыл алууга байланыштуу, КРнын Жогорку Сотунун Пленумунун "Балдарды тарбиялоо менен байланышкан иштерди кароодо соттук тажрыйба жөнүндөгү" 1995-жылдын 28-апрелиндеги № 1-01 токтомдун 21, 22, 23-пункттары өз күчүн жоготту деп табылсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Сотунун Төрайымы** **А. Токбаева**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Сотунун судьясы** **К.Осмоналиев**